**Эмгек миграциясы жакшыбы же жаманбы?**
**Айылдык мугалимдин көз карашы.**
(поэма – дилбаян)

**Кириш сөз**
Олтуруп колго алдым ручкамды,
Тааныштым сайттан көрүп дилбаянды.
Темасы мени өзүнө тартып алды,
Жүрөгүмдү жаралап арбап салды.

Ойлондум ары-бери көңүл топтоп,
Толгондум суроолорго жооп коштоп.
Жазсамбы өзүм сынап, сөздү иргеп,
Ыр түрүндө ойлорду бир тизмектеп.

Темага акырындап ой жүгүртүп,
Мигранттын жашоосун изилдедим.
Жакшысын да, жаманында билгенден соң,
Бел байладым темага мен кириштим.

Алгач ирет эмне себеп адамдарга,
Өз жери, өз өлкөсү болсо дедим.
“Тентибей бөтөн элге барбай эле,
Койсо эмне?”- деген да ойго келдим.

А бирок жашоо турмуш кызык экен,
Ар кимди ар кай жакта сынайт экен.
Андыктан кыргыз жерин мактайынчы,
Андан соң мигранттын оош-кыйыш тагдырынан,
Кененирээк баян этип айтайынчы.

Кыргыз жерим киндик тамган мекеним,
Сыймыктанам сага таазим этемин.
Кайсыл жерде жүрсөм дагы ар убак,
Жүрөгүмдө жашай берет элесиң.

Адамдары ажайып бир башкача,
Нуру тамып жүздөрүнөн таптаза.
Меймандостук, сый көрсөтүү жагынан,
Өзгөлөрдү өздөрүнө тарта алган.

Көк мелжиген көлдө куусу чардаган,
Ысык-Көлүм элим сүйгөн медерим.
Манас атам, бабаларым жердеген,
Кең Таласым, Чүй Бишкегим мекеним.

Жалал Абад, Ош жергеси, Баткени,
Бейиш төрдүн дал өзү.

Нарын тарап өзүнчө эле керемет,
Мал киндиктүү, эмгекчил эл сезилет.

Айта берсем мактап бүтпөйм баарысын,
Артка кайтып өз темамды баштайын.
Мигранттын жашоосуна кайрылып,
Талдаганга аракетти жасайын.

Көп адамдар иштейт, жашайт алыста,
Жазуу кыйын тагдырлардын баарын да.
Татаал жолдо адашкандар жок эмес,
Тагдырына кейигендер аз эмес.

**Негизги бөлүк**

Кыргыз элде жакшы сөз бар айтылган:
“Башка элдин буудайынан,
Өз жериңдин саманы артык”, – чынында.
Байлыкты да тапса болот акырын,
Бакытты сен таба албайсың,
Өз үйүңдөн алыста.

“Бакыт”- денег айлананда сен билсең,
Мээрим төккөн ата-энең, балдарың.
Үй-бүлөдөн ашкан бакыт жок чыгар,
Бирге болуп, бирге турган күндөрүң.

Азыр заман күндөн-күнгө өнүгүп,
Жашоо барат өзгөрүлүп, бөлүнүп.
Бай кедейлер, жакшы жаман баарысы,
Байлангандай акча менен ченелип.

Айлыбызда баары болчу бактылуу,
Бапырашып ата-энеси жанында.
Азыр болсо дүнүйөнүн артынан,
Кошуналар, тууган урук баарысы:
“Акча жетпейт, жашоомду мен жакшыртам”-
Дешип баары чет өлкөгө кетишкен.

Айла канча түшүнбөскө чара жок,
Иштегенге завод, фабрика дагы жок.
Жер тырмалап, караса да балдарын,
Жашоолору оңолбостон, жылбастан,
Моюндарын карыз басып кыйнаган.
Кээ бирөөсү келин алып той берип,
Кредитин төлөй албай сыздаган.

Бир жагынан кымбатчылык тооруду,
Бирин тапса экинчисин таба албай,
Айылдагы эркек, аял, кыз-келин,
Жапырт баары мигранттыкты тандады.

№ 53 Исакова Нуржан Шамуратовна

Кээ бир үйдөн ата-эне экөө тең,
Бирдейинен сапар алган алыска.
А балдары мээрим албай алардан,
Чоң атанын, таятанын колдорунда калышкан.

Кантсе дагы бала үчүн баарысын,
Даяр кылып берсек дешет ата-эне.
Бирок сезбейт, эң кымбаты балага,
Мээрим төгүп болуу керек жанында.

Жүрсө дагы жаны тынбай алыста,
Жан үрөшүп иштеп келет алар да.
Ден соолукка, дем алууга карабай,
Балдарына акча салат эч нерседен аябай.

Балдар жүрөт куса болуп сагынып,
Баары болуп турса дагы жетиштүү.
Табит тартпай бар болсо да тамагы,
Кыйналышат кусалыктан чыгалбай,
Же сабакка чын көңүлүн бура албай.

Классында достору бар өзүндөй,
Кеп салышат ата-энеси жөнүндө.
Ичке салып сүйлөй албай бирдеме,
“Акча салды, алдым мен да телефон”-
Деп мактанат дардалаңдап сүйүнө.
Бирок, эч ким билбейт анын санаасын,
Ата-энеге болгон чексиз сүйүүсүн.

Карап алып жанындагы досунун,
Аталары жетелешип балдарын.
Өз айлында маңдай төгүп иш кылып,
Уул-кызынын жандарында жүрүшөт.
Балдарына мээрим төгүү максаты.

Балалыкта тойбосо эгер мээримге,
Карыганда сый көрсөтө алабы?
Ата-эненин кучагында чоңойбой ,
Жат кишидей кабыл алып калбайбы?

Деген ойлор кетпей койду оюмдан,
Ичтен сызам, ойго батам кайрадан.
Бирок, жашоо өз мыйзамын билдирбей,
Жүргүзүүдө адамдарга сердирбей.

Мен билгенден мен иштеген мектепте,
Дээрлик көп мигранттын балдары.
Билим берип, мээрим төгүп аянбай,
Окутууда мугалимдер талыкпай.

№ 53 Исакова Нуржан Шамуратовна

Мугалимдер айтат дайым балдарга:
“Ардактаган ата-энеңер силер деп,
Келечегиң жаркын болсун сенин деп,
Иштеп жүрөт, баалагыла эмгегин”.

Эгер болсо өз жеринде жумуштар,
Бармак эмес таштап коюп балдарын.
Оңой эмес бөтөн жерде иштеген,
Сагынуу бар, кусалык бар ичинде,
Чыдап коюп иштеп жүрөт ишинде.

Бул жашоонун өйдө-ылдый жагы бар,
Тагдыр сынайт адамдарды ар кандай.
Өз башымдан өткөрдүм мен окуя,
Мына ошондон баян этип берейин.
Окурманым талдап көрчү сен дагы,
Башка журтта иштегендин баары эле,
Жакшы болбой калат экен чынында.

Классымда болгонт эле окуучу,
Атакеси мигрант болуп алыста,
Иштеп жүрчү акча салып дайыма.
Бирок бир күн “келиптир”- деп мен уктум.
Иши болбой айласыздан үйүнө.
Көрсө, кыздын жөн келбептир атасы,
Ичкиликке берилиптир ал дагы.

Ата-энелер бала үчүн жан үрөп,
Болгон шартын жасоо үчун кам көрөт.
Кээ бирлери балам үчүн деп алып,
Өздөрүнүн жаман жагын көргөзөт.

Бала деген бир сезимтал жан экен,
Бул өмүрдө андай жанды көрдүм мен.
Ата-энеси күндө жаңжал кылса да,
Айталбастан ичке салып көтөргөн.

Мен өзүмчө эстеп алып ал күндү,
Бассам-турсам жүрөгүмдөн толгоном.
Канча убакыт өтсө дагы арадан,
Байкуш кыздын тагдырына ойлоном.

Коңгуроонун үнү угулуп эшиктен,
Топурашып окуучулар кирешти.
Аста басып көз карашы башкача,
Бир окуучум мага карай тигилди.

Бир колуна ручкасын кармаган,
Дептер менен бир жак бетин жаап алган.

№ 53 Исакова Нуржан Шамуратовна

Укпаса экен досторум деп сөзүмдү,
Аста-секин кулагыма муну айткан.

“Эжеке мен тапшырманы жазбадым,
Суранамын айтпаңызчы эч кимге,
Кечээ атам ичип келип мас болуп,
Жаткан жокпуз жүрдүк түндөп эшикте”-
Деген бойдон көздөрүнө жаш алып,
Кайра-кайра жерди тиктейт уялып.
Карай албай не дээримди биле албай,
Ичтен сызып, сүйлөй албай жалооруп,
Аяп кеттим ал кызымды аябай.

Караңызчы, кичинекей ошол кыз,
Жаман күндү жүрөгүнө сактаптыр.
Ата-эненин мээримине тойбостон,
Балалыгын жакшы өткөрө албаптыр.

Окуучулук күндөр менен коштошуп,
Окуучум да бойго жетти токтолуп.
“Жардам берем апакемди кыйнабай,
Акча тапсам ичпей калат атам”- деп
Москвага иштегени барыптыр.

Мен дайыма окуучумду ойлонуп,
Сурар элем досторунан бат-баттан.
“Баары жакшы иштеп жүрөт эжеке”-
Деп достору мактап калчу ар качан.

Кечээ күнү бара жатып көчөдө,
Жолуктурдум атасын мен кокустан.
Ичпей калган айдап алган машина,
Мактанычтуу жооп берди мага да.

“Белек кылды сиз окуткан кызым”- дейт
“Москвадан үйдү алган азыр”- дейт
“Бирок турмуш күтпөй жүрөт билбейбиз,
Үй-бүлөлүү болсо экен”- деп тилейбиз.

Атакеси кыз жөнүндө кеп салды,
А мен болсом балалыкта
Кызда калган капалык,
Деп айта албай,
Көпкө турдум кыйналып.

Балалыгын уурдабайлы балдардын,
Жүрөгүнө так калтырып булгабай.
Үлгү болуп акыл айтып балдарга,
Жүрөлүчү мээрим төгүп дайыма.

№ 53 Исакова Нуржан Шамуратовна

Баянымды андан ары уласам,
Мындай тагдыр болуп жатат азыр да.
Иштесе да мигрант болуп алыста,
Ошол элдин жакшы жагын алганыбыз дурус да.

Иштеп жашап жакшы акча табышып,
Өз жашоосун туура жолго салган бар.
Үй-бүлөсүн баарын коюп алдыга,
Эли үчүн чоң максатты койгон бар.

Акча, байлык баарын чечпейт түшунсөк,
Бала үчүн мээрим керек билсеңер.
Ата-эненин кучагында чоңойсо,
Аткарылат ойлогон ой тилектер.

Айта берсе толгон токой кемчилик,
Оңой эмес жашоодо көп теңсиздик.
Мигранттын жашоосуна үңүлсөк,
Жакшысы да, жаманы да кезикчү,
Айтып бүткүс тагдырга туш болобуз.
Айтып өттүм бир аз гана бөлүгүн,
Айтуу кыйын андан кыйын күндөрүн.

Бизде деле мигрант бар айылда,
Коңшу өлкөдөн келип турат алар да.
Устачылык менен алек болушат,
Жер иштетип дыйканчылык кылышат.

Биздин балдар башка өлкөдө акча таап,
Алар болсо бизде иштеп жатышат.
Көз карашы туура элдин буга да,
Аралашып мамиле түзгөн жакшы да.

Менин оюм сезимдеги кыялым,
Баарыбызды кыйнап келет акырын.
Чоң максаттар адамдардын алдында,
Кичинекей кадам болуп туюлса.
Бактылуумун орундалса баарысы,
Жашоо өмүр токтобостон жылышса.

Көп нерсе жаздым мен деп ойлободум,
Маселенин көп жагын козгободум.
Айылдагы мигранттын турмушунан,
Чагылдырып ойлорумду жазып койдум.

Башка элдин байлыгына суктанбай,
Өз элимде өнүгүүлөр болсо дейм.
Мигрант болуп бөтөн жерде жүрбөстөн,
Кыргыз элге кызмат кылып жүрсө дейм.

№ 53 Исакова Нуржан Шамуратовна

Алга карай кадамдарды таштасак,
Туулган жерден өнүгүүнү баштасак,
Билим жагын колго алып биринчи,
Өнүктүрсөк техниканы илимди.

Айыл чарба, мал чарбасын колго алып.
Дыйканчылык, багбанчылык иш менен,
Кыргызымдын азыктарын таанытып,
Экспорттоп бизнес жолун тандасак.

Айлыбызда өзгөрүүлөр көп болсун,
Ата-энелер балдарына баш болсун.
Ынтымагы күчөп кыргыз элимдин,
Ар бир үйдө бактылуулук бар болсун.

Бул өмүрүң адамга бирдей келээр,
Кубанычын, кайгысын теңдеп берээр.
Жакшысы көп жашоонун жаманынан,
Деп адамдар ишеничте жашап өтөөр.

Сыноо келет ар убак жолубузга,
Санаа салып ар түркүн оюбузга.
Адам деген баарына чыдай берет,
Алга карай кадамын улай берет.

Эмне иш кылдым өмүрдө жаңылдымбы?
Бирөөлөргө кыянат иш кылдымбы?
Же болбосо куру бекер өмүр кечип,
Пайдасыз ар бир күнүм өткөрдүмбү?
Ар ойдун кучагында кала берип,
Каламын түркүн суроо ойго келип.

Ушундай сезимдеги ойлор менен,
Күнүгө алпурушуп жашап келем.
Канчалык араккетти жасабайын,
Татыктуу жооп өзүмө таппай келем.
Изденип, өмүрүмдү улнтууга,
Дагы да эмгегимди жумшай берем.

Жакшы ойлор аткарылса тилектерим,
Кубанып көзүмө жаш келет менин.
Көтөрүп оор жүктү элим менен,
Кошсом дейм салымымды билим менен.

Ой толгоо сезимдерим арбап алып,
Баянымды бүтүрө албай кыйналамын.
Дил баяндын акырына чекит коюп,
Жүрөктөгү сезимимди жашырамын.

Ар жылы дил баяндын темалары,
Олуттуу маселени козгоп келет.
Айылдык жөпжөнөкөй мугалимди,
Ар тараптан өстүрүп, өнүктүрөт.

Кыргыз элдин жакшылыгын жар салууга,
Калемимди колго алууга мен даярмын.
Дагы да дил баянды күтө берем.
"Өнүккөн Кыргызстан"- деген тема
Келет деп үмүтүмдү үзбөй келем.
**Корутунду**
Аракетти биз баарыбыз бир кылсак,
Кыргыз эли өссө экен деп тырышсак.
Эч ким кетпей өз жеринен башкага,
Эмгектенсе үй-бүлөнүн жанында.
Өлкөм гүлдөп аты кетип дүйнөгө,
Өнүксө дейм эли журтум күнүгө.

Менин ишим мугалимдик кесибиб.
Келечектин ээси болгон балдарга,
Билимди, тарбияны калыптап,
Жол көрсөтүп туура жолго багыттап.
Кыргыз элдин келечегин түптөөгө,
Өз өлкөбүз өнүксө деп батыраак,
Кылып жатам аз болсо да далаалат.